DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-58-256-261
УДК: 811.11-112:811. 512.154: 811.411.21

***Садыкова С. З.**, филол. илимд. докт., профессор*
*symbat_s@mail.ru*
*Ж. Баласагын ат. КУУ*
***Өсконбаева М. С.**, ага окутуучу*
*teku_oskonbaeva@mail.ru*
*Эл аралык Кувейт университети*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ АРАБ ТИЛИНЕН КИРГЕН СӨЗДӨРДҮН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАКТАН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА ТЕМАТИКАЛЫК ТОПТОРГО КЛАССИФИКАЦИЯЛАНЫШЫ

*Бул макалада кыргыз тилине араб тилинен кирген лексикалык каражаттар каралат. Кыргыз тилинин лексикасы жеке эле кыргыздын төл сөздөрүнөн турбагандыгы баса белгиленип, ислам дининин таралышы жана коңшу мамлекеттер менен болгон ар кандай карым-катыш, мамилелер, саясий-экономикалык, маданий байланыштардын негизинде кыргыз тилинин лексикалык кору кылымдап толукталып, байып келгени тууралуу маалымат берүү менен, араб тилинин таралышы жана анын негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу да сөз кылмакчыбыз. Ошондой эле макалада араб тилинен өздөштүрүлгөн лексикалык каражаттардын тематикалык жактан классификацияланышы, башкача айтканда, ислам динине байланыштуу, убакыт мезгилге, илим-билимге байланыштуу ж. б. ушул өңдүү тематикалык топторго бөлүнүшү жана алардын лексика-семантикалык жактан өзгөрүлүштөрү кыскача сүйлөм, макал-ылакап жана жазуучу Т. Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы мисалдар аркылуу берилет.*

***Түйүндүү сөздөр:** лексика, кыргыз тили, араб тили, грамматика, ислам, сөздүк, тарых, илим, роман.*

***Садыкова С. З.**, докт. филол. наук, профессор*
*symbat_s@mail.ru*
*КНУ им. Ж. Баласагына*
***Осконбаева М. С.**, ст. преподаватель*
*teku_oskonbaeva@mail.ru*
*Международный Кувейтский университет*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

# ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ СЛОВ, ВОШЕДШИХ В КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК ИЗ АРАБСКОГО ЯЗЫКА И ИХ КЛАССИФИКАЦИЯ ПО ТЕМАТИЧЕСКИМ ГРУППАМ

*В данной статье исследуются лексические средства, вошедшие в кыргызский язык из арабского языка. Отмечается, что лексика кыргызского языка состоит не только из исконно кыргызских слов и, предоставляя информацию о распространении ислама, о многовековом пополнении и обогащении лексического запаса кыргызского языка на основе различных политико-экономических, культурных связей с соседними государствами, мы также поговорим о распространении арабского языка в Кыргызской Республике и его основных особенностях. В статье рассматриваются лексические средства, заимствованные из арабского языка, их классификация на такие тематические группы, как исламская религия, время, наука и образование и т. д., и их лексико-семантические изменения проанализированы на материале романа Т. Касымбекова “Сломанный меч”, а также народных пословиц, поговорок и других примеров.*

***Ключевые слова:** лексика, кыргызский язык, арабский язык, грамматика, ислам, словарь, история, наука, роман.*

***Sadykova S. Z.**, doct. philol. of science, professor*
*symbat_s@mail.ru*
*KNU after J. Balasagina*
***Oskonbaeva M. S.**, senior lecturer*
*meku_oskonbaeva@mail.ru*
*Kubeit International university*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# LEXICAL AND SEMANTIC CHANGES OF WORDS THAT ENTERED THE KYRGYZ LANGUAGE FROM THE ARABIC LANGUAGE AND THEIR CLASSIFICATION BY THEMATIC GROUPS

*This article concerns the lexical means of words, which entered the Kyrgyz language from the Arabic language. It is emphasized that the vocabulary of the Kyrgyz language is individual and does not consist of pure native Kyrgyz words. Since the lexical base of the Kyrgyz, language has been supplemented and enriched over the centuries based on the spreading of the Islamic religion and various political, economic and cultural relations with neighboring countries. We will also talk about its distribution and its main features. In this article the lexical tools derived from the Arabic language are associated with the Islamic religion, time and period, science and knowledge, etc. The division into such thematic groups and their lexical and semantic changes are described through a short sentence, proverbs and sayings examples from the novel "The Broken Sword" by the famous writer T. Kasymbekov.*

***Keywords:** Vocabulary, Kyrgyz language, Arabic, grammar, Islam, dictionary, history, science, novel.*

Тил – коомдо пикир алышуунун, байланыш жасоонун куралы болуу менен, ар түрдүү тилдик бирдиктерди бириктирип турган татаал кубулуш. Дал ушул тил аркылуу биз муундан муунга коомдук тажрыйбаны беребиз. Ошондой эле ал жандуу жаратылыш сыяктуу ар дайым өсүп-өнүгүп, таасирленип, лексикалык корун байытып келет. Тилдин табиятын аныктоодо ар түрдүү көз караштар жана багыттар бар. Бир катар окумуштуулар тилди биологиялык көрүнүш катары карашып, анын өнүгүшүн жаратылыш кубулуштары менен байланыштырып, жаныбарлар жана өсүмдүктөр сыяктуу жаратылыштын мыйзамдарына баш иет деп келишет [2].

Башка тилдерден сөз алуу – бул тилдин корун байытуунун бир булагы. Дүйнө тилдеринде башка тилдер менен карым-катнаш түзбөгөн, же лексикалык кору чет тилдеринин элементтеринен турбаган бир да тил учурабайт. Тилдеги сөздөр бир тилден экинчисине өтүү менен, анын лексикалык корун байытып гана койбостон, семантика-функционалдык өзгөрүүлөргө туш болот, башкача айтканда, маанилик жактан кеңеет же тарыйт. Кыргыз тилине кылымдар бою акырындап башка элдердин тилдеринен көптөгөн сөздөр киргендиги шексиз. Алар тилибизге абдан сиңип кыргызчалашып кеткен, андыктан аларды өз сөзүбүз катары кабыл алып калганбыз.

Араб жазуусу – Батыш Азияда жана Түндүк Африкада кеңири тараган жазуунун бир түрү. Биздин эранын 4-кылымында Аравияда арамей жазуусунун негизинде пайда болгон, 28 тамгадан турат, алардын ичинен 3 тамга үндүү, калганы үнсүз. Тамгалары өз алдынча турушуна, сөз башында, сөз ортосунда же сөз аягында келишине жараша эки же төрт түрдүү формада оңдон солду карай жазылып, окулат. Араб жазуусу латын алфавитине өткөнгө чейин СССРдеги түрк элдеринде колдонулган. Мындан сырткары, Индонезия, Иран, Афганистан, Түркия, Малайзия өңдүү өлкөлөр да пайдаланышат [1].

Араб тили жана анын негизги өзгөчөлүктөрү туурасында сөз кыла турган болсок, араб тили маанилүү жана өзгөчө тилдердин бири экендигинде шек жок. Байыркы тилдердин бири гана болуп калбастан, сөз байлыгы эң көп, мааниси өтө терең,

чечендиги жана дүйнө тилдеринин катарынан эң кеңири таралуусу, сан жагынан көп калк сүйлөгөнү боюнча эң алдыңкы тилдерден болуп эсептелет.

Азыркы кыргыз тилибиздин лексикасында башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөр бир топ, мисалы К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүн» карасак, андагы сөздөрдүн 5, 75% араб тилинен, 6,75 % иран тилинен 18,20 % орус тилинен алынган сөздөр экенин билебиз [7]. Ошондой эле К. Карасаев тарабынан түзүлгөн «Өздөштүрүлгөн сөздөр» сөздүгүн карасак, алардын басымдуу бөлүгү араб-иран сөздөрүнөн турат. Мисалы: китеп, медресе, калем, идара, алал, арам, дин ж. б. сөздөр. Ислам дининин Борбордук Азияга келиши жана таралышы жергиликтүү жашоочулардын илим-билимге умтулуусуна, дүйнөлүк өнүгүүгө жол ачып, диний илим гана эмес, астрономия, философия, тарых, медицина, поэзия ж. б. илимдердин кыйла өнүгө баштаганы тарыхтан белгилүү. Кыргыз элинин ислам динин кабыл алышы кыргыз тилинин лексикасына араб сөздөрүнүн киришине бирден-бир негиз болгон. Дал ошол араб тилинен кирген сөздөр тыбыштык жактан өзгөрүүгө дуушар болуп, кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүгүнө баш ийдирилип кабыл алынган. К. Карасаев "Камус наама" эмгегинде араб-фарсы (иран) тилдеринен оошуп келген сөздөр туурасында мындай деген "... Кыргыздарда жазуу өнүкпөгөндүктөн, кирген сөздөрдүн бардыгы дээрлик кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө толук багынып калды. Бир эле сөз бир нече тыбыштык түр алып кетти. Ал тургай, таптакыр эле башкача айтылып кеткен учурлар болду. Буга мисал: "хат ршад" – кадыр шарт болуп калган. "Субхи садык – сопу саадык сыяктуу" [4].

Чынында, араб жана кыргыз тилдерин морфологиялык деңгээлде салыштырып изилдөө иштери жаңы гана башталууда. Бул боюнча азыркы учурда кыргыз жана араб тилдеринин типологиялык өзгөчөлүктөрүн, кирген сөздөрдүн тыбыштык жактан өзгөрүүлөрүн ж. б. салыштырып изилдөө иштерин жүргүзгөндөрдүн айрымдарына токтоло кетүү талапка ылайык. Маселен, Т. А. Өмүрканов "Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романындагы араб тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн лексика-семантикалык табияты" аталышындагы диссертациялык ишинде Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романында колдонулган араб сөздөрүн лексика-семантикалык топторго бөлүп жана аларды факт-материалдар аркылуу далилдеген. Ошондой эле, араб тилинен кабыл алынган сөздөрдүн лингвистикалык табиятын ачып, сырткы турпаты боюнча тыбыштык составы өзгөрбөй келген сөздөр жана тыбыштык жактан өзгөргөн сөздөр деп бөлүп караган. Мисалы, ساق саакы – шарап куюучу, шарап сунуучу, خليفة холефа калпа – исламды жолдогон адам ж. б. сөздөрдү мисал келтирген [6].

Эми араб тилинен өздөштүрүлгөн айрым сөздөрдү тематикалык топторго бөлүү менен, алардын лексика-семантикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болушуна токтолсок. Мисалы: жер, суу, буюм нерселердин аттарына байланыштуу сөздөрдөн: мухит (المحيط), үжүрө (حجرة), калем (قلمٌ). Ислам динине байланышкан сөздөрдөн: азиз (العزيز), шарият (الشرعية), маккатулла (مكة الله), тауба (التوبة), зыярат (الزيارة). Адамдардын кесибин, социалдык абалын билдирген сөздөрдөн: казый (القاضي) , идара (إدارة) , амир (أمير) , вазийфа (وظيفة), адат (العادة). Конкреттүү эмес түшүнүктөрдү тактап айтсак, абстрактуу предметтерди билгизген сөздөрдөн: адил (العدل), сыр (السر), асыл (أصلٌ), лазым (لازم), азап (العذاب), жамы (الجمع), себеп (السبب). Жаныбарлардын аттарына байланыштуу сөздөрдөн: айбан (الحيوان). Убакыт-мезгилге байланыштуу сөздөрдөн: заман (الزمان), сапар (السفر), дайыма (دائماً), акыр (آخر) , шарт (شرطٌ) жума (جمعة) ж. б. сөздөрдү көрсөтүүгө болот.

Ал эми жогорудагы “калем”, “калам” – ар.قلم /калам/ жазуу куралы. Арабчада: أحمد قلم /каляму Ахмад/ - кырг. [5]. Акматтын калеми.

Маккатулла –مكة الله – ар. /Макату Алла/ Алланын меккеси, Алланын үйү [5]. «Болот хан тактан өзү кечип кетиптир. Маккатуллага зыяратка жөнөп жаткан имиш!» - деген сөз чыкты [3] .

Илим, билим – ар.علم /илм/ билим, окуу, таалим. Мисалы, араб тилинде:الكتاب – مصدر العلم /аль китааб – масдаруль илм/- кыр. Китеп – билим булагы. Кыргыз тилинде да ушул сөз айкаштары менен колдоно алабыз.

Үжүрө - حجرة ар. «Хужра» деген сөз башкы «ح» (х) тамгасы айтылбай морфологиялык жактан өзгөрүп, «үжүрө» болуп айтылып келген, мааниси: бөлмө, комната [5]. Мисалы: Кан үжүрөсүнүн эшигинен жанагы үрөйү учкан бейсакал Жаркын айым тосуп чыкты [3] .

Тарбия – ар.تربية /тарбия/ үйрөтүү, таалим берүү, окутуу.

Инсан – ар.إنسان /инсаан/ киши, адам[5] . Мисалы: Бала өзүн инсан катары аңдап түшүнөт (Сүйлөм).

Себеп – السبب ар. [5]. Бул сөздө араб тилиндеги «ب» (ба) тамгасы кыргыз тилиндеги «п» тамгасына морфологиялык жактан өзгөрүп, айтылып келген. Мааниси: 1. Негиз, шылтоо. 2. Түрткү. Мисалы: Көңүл каалабаса, себеп көп (Макал).

Идара - إدارة ар. түш. диал. мекеме, башкарма [5]. Орустун элчиси да ушинтип идарасына камалып калды [3]. Араб тилинен кирген кыргыз тилиндеги айрым сөздөр мазмуну жактан өзгөртүлүп алынган: Мисалы: даам – ар. طعام /та аам/ сөзүн карап көрсөк, арабчада мааниси тамак, аш дегенди түшүндүрөт. Ал эми кыргыз тилинде тамак, аштан башка даам (даам татуу) маанисинде да колдонулат. Мисалы: “Бир ирет даам таткан жериңе миң ирет салам бер” (Макал).

Казый – القاضي (ар.) [5]. Бул сөздө араб тамгасындагы «ض» (дод) тамгасы «з» тамгасына жактан өзгөрүп, «казый» болуп айтылып келген. Мааниси: Шарияттын жобосу боюнча сурак жүргүзгөн. Мисалы: Бир кечте Нүзүп шаардан казыйын жалгыз чакырып алды [3].

Ыракмат, ракмат, рахмат – ар.رحمة /рахима/ боорукер, кечиримдүү [5]. Кырг. ыраазычылык билдирүү, алкыш маанисинде да колдонулат. Мисалы: Айткан акылыңа ырахмат!

Ошондой эле, араб тилинен кирген айрым сөздөрдүн кыргыз тилинде синонимдери да учурайт: Мисал келтирсек: жамы /ар. جمع / сөзүнө кыргыз тилинде баары, мүлдө, бүткүл сөздөрү синоним катары колдонулат. Ошондой эле шерик /شريك / сөзүнүн кыргыз тилиндеги синоними – дос, жолдош сөздөрү. Асаль / عسل / сөзүнө бал сөзү, парыз / فريضة / сөзүнө милдет сөзү, аалым /عالم / сөзүнө окумуштуу, дарс /درس / сөзүнө сабак, калаа / قلعة / сөзүнө шаар, ысым /اسم / сөзүнө ат сөзү синоним катары колдонулуп жүрөт.

Мухит – المحيط ар. 1. Курчап турган жаратылыш. 2. Океан [5]. А бу ак бермет… бу көк бермет … адам колунан жаралбайт, те алыскы Индстандын көк мухитинин түбүнөн табылат бир табылса… [3].

Сапар – السفرар. [5]. Туурасы араб тилиндеги «сафар» са (ف) «ф» тамгасы «п» тамгасына өзгөргөндөгүсү. М: Ал бу сапар бактысына сыйынды, бу сапар да

кыпчактын илгертен канында келе жаткан жапан кашкөйлүгүнө, жаңгерлигине сыйынды [3].

Дайыма – دائماً ар. [5]. Бул сөздө араб тамгасындагы «ي» (й) тамгасынын үстүндөгү «ء», «хамза» (тамакты кысып айтуучу) тамгасын кыргыз тилиндеги «ы» тамгасына алмаштырылып айтылган, мааниси: ар убак, ар качан, бардык убакта, ар кезде [5]. Мисалы: “Чечен сөздүн эбин табат, дайым кептин кемин табат” (Макал). Кыргыз тилин изилдөөчүлөрдүн бири академик Б. Юнусалиев араб тилинен кабыл алынган сөздөр боюнча кыргыз диалектилеринин ортосунда өзгөчөлүктөр аз эмес экенин жана аларды эки негизги – тыбыштык составы боюнча айырмалануучу сөздөр, бир диалектиде учураса, экинчи диалектиде учурабаган сөздөр деп эки топко бөлүп, төмөндөгүдөй мисалдарды келтирген. Үндүүлөр боюнча: пүштүк говорлордо кыска уччул ачык [ә] болсо, түндүк говорлордо түпчүл ачык а: Мисалы:

Түшт. г. әдәт // түнд. г. адат.

Түшт. г. әмәл // түнд.г. амал.

Түшт.г. дәлил // түнд.г. амал. Ал эми түштүк говорлордо уччул ачык созулма әә менен кабыл алынса, түндүк говорлордо түпчүл ачык созулма аа аркылуу айтылат. Мисалы:

Түшт.г. әәлим // түнд.г. аалим.

Түшт.г. тәәм // түнд.г. даам ж. б. сыяктуу араб тилинен кирген лексемалардын тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө анализ жүргүзгөн [8].

Морфемалары таанылбай калган сөздөр. Араб тилинен кирген сөздөрдө түзүлүшү жактан туунду же татаал сөз болсо да, алардын морфемалары кыргыз тилинде таанылбай кирген кээ бир сөздөр бар. Мисалы: Мусаапыр – ар.مسافر / мусаафир/ элинен ажыраган, байкуш [5]. Бул жерде му- афф. «-чы», саафир «саапыр» алыс жолго чыккан адам. Демек, жолоочу деген маанини берди да, тутумунда эки морфема бар экендигин араб тилинен гана тааныдык.

Араб тилинен алынган кээ бир сөздөрдүн мазмуну бир аз өзгөртүлүп колдонулат: Мисалы: Ассалоом алейкум – ар. عليكم السلام /ассаляму алейкум/ сизге тынчтык болсун деген маанини түшүндүрөт. Тагыраак айтканда, салам «амандык, тынчтык», ал эми алейкум «сизге, сиздерге» деп которулат. А кыргыз тилинде болсо салоомалейкум, ассалам алейкум, салам алейкум деп айтылат да, бул сөздөрдү саламатсызбы деп учурашуу маанисинде түшүнөбүз. Ошондой эле, алейки салам, алейкум салам сөзүн алсак, /ар.عليكم سلم алейкум салам/ сизге да, (сага да) тынчтык болсун маанисин берет да, кыргызчада саламга жооп катары түшүнөбүз [5]. Мисалы: Ассалоом алейкум, бир тууганым! (Сүйлөм).

Ошондой эле грамматикалык форма, эреже тууурасында сөз кыла турган болсок, кыргыз тилиндеги сан атоочторго карата айтылган Канча? Нече? Канчанчы? Канчоо? Канчадан? деген сурама атоочтор колдонулса, араб тилинде كم ؟ жана أي ؟ деген сөздөр гана колдонуларын кошумчалайбыз. Кыргыз тилинде канча сурама атоочунун көптүк сандагы формасы, же болбосо канчалаган деп өзгөргөн форма аркылуу берилет, ал эми араб тилинде كم ؟ сурама атооч бул мааниде колдонулганда анын формасы эмес, грамматикалык функциясы өзгөрүүгө дуушар болгонун байкайбыз, мисалы, канчалар.

Жыйынтыктап айтканда, араб тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдү бир гана диний чөйрө аркылуу кирген деген ойдон алыс болушубуз зарыл. Ал лексикалык каражаттар саясий-экономикалык, маданий, илим-билим тармактары

аркылуу киргендигин көркөм адабиятта жана күнүмдүк сүйлөшүү сөздөрүбүздө колдонулган мисалдар аркылуу көрсөтүп бере алдык. Албетте, араб тилинен кирген сөздөр кыргыз тилинин фонетикалык системасында болбогондуктан, жогорудагыдай тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болушкан. Жогоруда атагандай, араб тилинен өздөштүрүлгөн лексикалык каражаттар боюнча илимий иштерге көп көңүл бурулуп изилденип, анализ жүргүзүлүп келбегендиктен, болгону ал сөздөр сөздүктөрдө гана берилгендигине күбө болуудабыз. Келечекте иликтөө-изилдөө, салыштыруу иштери жүргүзүлүп, кирген сөздөрдүн этимологиялык сөздүктөр түзүлүшү жана алардын семантика-функционалдык, структура-грамматикалык табияты ачылып, кененирээк талдоого алынышы зарыл.

**Адабияттар:**

1. «Кыргызстан» Улуттук энциклопедиясы. 1-том [Текст] / Башкы ред. Ү. Асанов. - Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. - 668 б.
2. Жалилов, А. Азыркы кыргыз тили [Текст] / А. Жалилов. - Бишкек: Кыргызстан, 1996. - 232 б.
3. Касымбеков, Т. Сынган кылыч [Текст] / Т. Касымбеков. - Бишкек: Турар. 2018. - 692 б.
4. Карасаев, Х. Камус наама [Текст] / Х. Карасаев. - Бишкек: Салам, 2016. - 856 б.
5. Карасаев, К. Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст] / К. Карасаев. - Ф.: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1986. - 424 б.
6. Өмүрканов, Т. А. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы араб тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн лексика-семантикалык табияты: филол. илимд. канд. ... диссертация [Текст] / Т. А. Өмүрканов. - Бишкек, 2018.
7. Юдахин, К. К. Кыргызча–орусча сөздүк. 4-бас. [Текст] / К. К. Юдахин. - Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2019. - 1092 б.
8. Юнусалиев, Б. М. Кыргыз диалектологиясы [Текст] / Б. М. Юнусалиев. - Фрунзе: Мектеп, 1971.